Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2021-жылдын IV чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2021-жылдын IV чейрегинде 100,3 пайызды түзүп, 2020-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,8 пайызга көбөйгөн (2020-жылдын IV чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,5 пайызды түзгөн).


**1-таблица.** *Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы (млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2020-ж. IV чейреги | 2021-ж. IV чейреги | 2020-ж. IV чейреги | 2021-ж. IV чейреги | 2020-ж. IV чейреги | 2021-ж. IV чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **636 005,2** | **815 543,1** | **639 380,7** | **813 315,9** | **99,5** | **100,3** |
| Бишкек ш. | 333 749,4 | 444 438,7 | 328 295,5 | 436 623,1 | 101,7 | 101,8 |
| Ош ш. | 77 510,9 | 98 361,0 | 79 129,9 | 96 919,0 | 98,0 | 101,5 |
| Чүй областы | 37 845,0 | 45 035,8 | 37 800,8 | 44 804,7 | 100,1 | 100,5 |
| Ысык-Көл областы | 30 717,0 | 37 975,7 | 31 740,6 | 39 121,2 | 96,8 | 97,1 |
| Талас областы | 18 568,2 | 20 097,0 | 19 859,3 | 21 711,6 | 93,5 | 92,6 |
| Нарын областы | 16 044,7 | 20 100,0 | 16 534,7 | 20 448,6 | 97,0 | 98,3 |
| Ош областы | 24 954,0 | 29 816,7 | 25 074,0 | 29 849,2 | 99,5 | 99,9 |
| Жалал-Абад областы | 67 750,2 | 83 874,2 | 71 908,8 | 87 947,6 | 94,2 | 95,4 |
| Баткен областы | 28 865 ,8 | 35 844,0 | 29 037,1 | 35 890,9 | 99,4 | 99,9 |

2020-жылдын IV чейрегине салыштырганда 2021-жылдын IV чейрегинде төмөнкү региондордо коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу өскөн:

- Бишкек шаары боюнча – 0,1 пайызга;
- Ош шаары боюнча – 3,5 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 0,3 пайызга;
- Чүй областы боюнча – 0,4 пайызга.;
- Нарын областы боюнча – 1,3 пайызга.;
- Жалал-Абад областы боюнча – 1,2 пайызга.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**





2021-жылдын IV чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча катталып, ал 101,8 пайызды түзгөн, ошондой эле Чүй областы боюнча – 100,5 пайыз жана Ош шаары боюнча – 101,5 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 92,6 пайыз.

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү 2020-жылдын IV чейрегине салыштырганда 28,2 пайызга көбөйүү менен 815 543,1 млн сомду түзгөн.


Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын түшүүсү төмөнкүнү 714 407,5 млн сом түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 322 795,0 млн сомду, көбөйүү 15,6 пайызды түзгөн (2020-жылдын IV чейрегинде – 279 094,8 млн сом);

2-график. 2020-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)




3-график. 2021-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)




- товарларды сатып өткөрүүдөн – 36 751,1 млн сомду, көбөйүү 29,6 пайызды (2020-жылдын IV чейрегинде – 28 345,5 млн сомду) түзгөн;

- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 170 806,5 млн сом, көбөйүү 58,2 пайыз (2020-жылдын IV чейрегинде – 107 965,9 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 47 091,2 млн сомду, көбөйүү 13,1 пайызды (2020-жылдын IV чейрегинде – 41 620,1 млн сом) түзгөн;

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 75 184,7 млн сомду, көбөйүү 56,9 пайызды (2020-жылдын IV чейрегинде – 47 921,3 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 61 779,0 млн сом, көбөйүү 36,8 (2020-жылдын IV чейрегинде – 45 163,5 млн сом) чегинде катталган.

Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2021-жылдын IV чейрегинде 813 315,9 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 27,2 пайызга көбөйгөн.

2021-жылдын IV чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан нак акча төмөнкү негизги багыттар боюнча берилген 695 300,4 млн сом түздү:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 320 576,7 млн сом берилген, көбөйүү 15,1 пайызды түзгөн (2020-жылдын IV чейрегинде – 278 399,5 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөгө – 41 694,2 млн сом берилген, көбөйүү 51,4 пайызды түзгөн (2020-жылдын IV чейрегинде – 27 544,2 млн сом);

- банкоматтарды толуктоого – 213 061,9 млн сом багытталган, көбөйүү 48,1 пайызды (2020-жылдын IV чейрегинде – 143 892,4 млн сомду) түзгөн;


- локалдык акча которуулар үчүн төлөөгө – 39 682,0 млн сом берилген, көбөйүү 6,9 пайызды (2020-жылдын IV чейрегинде – 37 134,9 млн сомду) түзгөн;

- товарлар үчүн төлөөгө – 9 759,0 млн сом берилген, көбөйүү 72,2 пайыз (2020-жылдын IV чейрегинде – 5 665,9 млн сом) чегинде белгиленген;


- чет өлкө валютасын сатып алууга – 69 414,6 млн сом берилген, көбөйүү 26,6 пайызды түзгөн (2020-жылдын IV чейрегинде – 54 841,1 млн сом);

- эмгек акыны төлөөгө – 1 112,0 млн сом берилген, көбөйүү 7,1 пайыз (2020-жылдын IV чейрегинде – 1 196,8 млн сом) чегинде катталган.

4-график. 2020-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)




5-график. 2021-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)



**2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү**

**2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)**

2021-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү 71 670,3 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 26,6 пайызга көбөйгөн. Клирингдик төлөмдөрдүн саны 1 925 251 төлөмдү түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 4,8 пайызга аз.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2021-жылдын IV чейрегинде 1 940 722,2 млн сомду түзгөн жана өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 96,4 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу отчеттук мезгилде 175 966 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 3,5 пайызга жогору.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2020-ж. IV чейреги | 1 836 556 | 56 620,5 | 182 303 | 988 263,4 | 2 018 859 | 1 044 883,9 |
| 2021-ж. IV чейреги | 1 925 251 | 71 670,3 | 175 966 | 1 940 722,2 | 2 101 217 | 2 012 392,5 |

**2.3. Банктык төлөм карттар рыногу**

2022-жылдын 1-январына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр 21 коммерциялык банк тарабынан сунушталган, алардын ичинен 14 банк гана эл аралык төлөм системасынын карттарын тейлөөнү камсыз кылган.

**1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы**

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2022-жылдын 1-январына карата абал боюнча 3 757,1 миң картты түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 10,9 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

- **«Элкарт» улуттук системасы — 2 269 198 (60,4%):**
  - «Элкарт» — 2 266 580 (60,3%);
  - «Элкарт-UPI» — 2 618 (0,1%).
- **эл аралык системалар — 1 487 885 (39,6%):**
  - VISA — 1 285 161 (34,2%);
  - Master Card — 70 084 (1,9%);
  - «Золотая Корона» — 112 986 (3,0%);
  - Union Pay International — 19 654 (0,5%).


**3-таблица. Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны**

| Региондун аталышы | Элкарт | Элкарт-UPI | UPI | Visa | Master Card | Золотая Корона | Жыйынтыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 632 201 | 2 066 | 17 124 | 895 668 | 41 625 | 29 156 | 1 617 840 | 43,1 |
| Чүй областы | 212 439 | 73 | 694 | 67 873 | 6 064 | 17 606 | 304 749 | 8,1 |
| Ысык-Көл областы | 191 633 | 60 | 534 | 58 199 | 3 380 | 7 303 | 261 109 | 6,9 |
| Нарын областы | 128 244 | 114 | 14 | 11 292 | 2 440 | 9 195 | 151 299 | 4,0 |
| Талас областы | 91 578 | 25 | 238 | 21 760 | 1 899 | 5 430 | 120 930 | 3,2 |
| Жалал-Абад областы | 394 070 | 107 | 720 | 92 002 | 6 105 | 19 281 | 512 285 | 13,6 |
| Ош областы | 424 545 | 149 | 276 | 109 029 | 6 771 | 15 437 | 556 207 | 14,8 |
| Баткен областы | 191 870 | 24 | 54 | 29 338 | 1 800 | 9 578 | 232 664 | 6,2 |
| **Жыйынтыгында** | **2 266 580** | **2 618** | **19 654** | **1 285 161** | **70 084** | **112 986** | **3 757 083** | **100** |


Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансылык ресурстардын ж.б. топтолушу жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, ага ылайык төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да бул жерде кыйла өнүккөн болуп саналат. Алсак, 2021-жылдын IV чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүш Бишкек шаары боюнча 55,0 пайызды түзгөн. Эң төмөнкү көрсөткүч Талас областында катталган – 2,6 пайыз.

2021-жылдын IV чейрегине карата абал боюнча карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептердеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 40,0 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 20,0 пайызды түзгөн.

**6-график. 2022-ж. 1-январына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**7-график. 2021-ж. IV чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана**




**2) Банктык төлөм карттар эквайринги**

Отчеттук жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттары, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган 1 910 банкоматта (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 1910 даанасы жабдылган, аудио (үн) менен коштолгон (операцияларды коштоо) 9 даана жана пандус орнотулган 956 даана (652 жабдууга пандус орнотуунун зарылдыгы жок, 302 жабдуунун пандусу жок)), 13 067 POS-терминалда (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 12 934 даанасы жана байланышсыз төлөм функциясы менен 9 186 даанасы жабдылган) тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 2,9 пайызды түзгөн же 54 банкоматка өскөн, POS-терминалдар 8,3 пайызга же 1000 POS-терминалга көп).

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системанын түрлөрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүлөрдү түзгөн:

- VISA жана MasterCard эл аралык системалары боюнча – 783 банкомат жана 6 454 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 224 банкомат жана 1 248 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы боюнча – 380 банкомат жана 1 552 POS-терминал.

**4-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны**
*(даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 721 | 7753 | 714 | 550 |
| Чүй областы | 196 | 851 | 218 | 207 |
| Ысык-Көл областы | 188 | 699 | 219 | 247 |
| Нарын областы | 80 | 119 | 140 | 94 |
| Талас областы | 74 | 157 | 91 | 119 |
| Жалал-Абад областы | 245 | 383 | 329 | 300 |
| Ош областы | 301 | 754 | 415 | 418 |
| Баткен областы | 105 | 68 | 157 | 138 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 910** | **10 784** | **2 283** | **2 073** |

**3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 102,7 млрд сом жалпы суммасында 24,6 млн транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 46,6 жана 25,5 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 90,5 млрд сом жалпы суммасында 14,9 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 19,9 пайызга, көлөмү 31,5 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 12,2 млрд сом жалпы суммасында 9,7 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 78,3 пайызга, ал эми көлөмү 1,9 эсеге көбөйгөн.

## 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б. системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.


2021-жылдын IV чейреги ичинде валютанын 13 түрү боюнча эл аралык төлөмдөр өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2021-жылдын IV чейрегинде 865,7 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 22,9 пайызга көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 985,1 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 19,6 пайызга көбөйгөн.

## 2.5. Акча которуулар


Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. 2021-жылдын IV чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 64,7 млрд сом жалпы суммасында 3 301,8 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 19,2 жана 15,2 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 18,9 млрд сом жалпы суммасында 257,6 миң транзакцияны түзгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 10,0 жана 27,0 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 35,1 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 68,2 пайызы туура келген.

**8-график. 2021-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**9-график. 2021-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**



2021-жылдын IV чейреги ичинде Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которуу эрежелеринин финансылык которууларды Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан камсыз кылуу талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2021-жылдын IV чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 237,1 млн АКШ доллары суммасында 326,6 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 4,6 жана 5,7 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 153,2 млн АКШ доллары суммасында 120,2 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 35,1 жана 14,0 пайызга көбөйгөн.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 30,2 миң кирген которуулар 9,6 млн евро жалпы суммасында өткөрүлгөн, көбөйүү өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 53,6 жана 32,5 пайызды түзгөн. Чыккан которуулардын саны 2,2 миң транзакцияны түзүү менен 2,4 млн евро жалпы суммасында жүргүзүлгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 2,5 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 19,8 пайызга азайган.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 2 944,9 миң кирген которуу 37 693,5 млн рубль суммасында өткөрүлгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 22,3 жана 20,1 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 134,3 миң транзакция 4 850,2 млн рубль суммасында ишке ашырылган, көрсөткүчтөр өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 6,7 жана 2,8 пайызга көбөйгөн.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2021-жылдын IV чейрегинде чыккан которуулар 121,6 млн теңге жалпы суммасында 0,9 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 10,8 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 9,8 пайызга азайган. 2021-жылдын IV чейрегинде кирген которуулар өткөрүлгөн эмес.

**5-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2020-ж. IV ч. | | 2021-ж. IV ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, миң бирдик менен | Көлөмү, млн сом | Саны, миң бирдик менен | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 899,3 | 13 272,1 | 1 857,1 | 26 404,5 |
| | Чыккан | 8,9 | 580,8 | 9,6 | 790,6 |
| Contact | Кирген | 82,3 | 3 166,6 | 65,8 | 5 777,9 |
| | Чыккан | 17,4 | 971,8 | 27,9 | 4 581,4 |
| Money Gram | Кирген | 27,1 | 1 325,6 | 33,1 | 1 715,6 |
| | Чыккан | 1,3 | 82,1 | 1,4 | 103,7 |
| Юнистрим | Кирген | 53,1 | 2 067,8 | 27,9 | 1 250,1 |
| | Чыккан | 2,8 | 466,2 | 1,4 | 218,2 |
| Золотая Корона | Кирген | 1 702,8 | 36 096,9 | 1 310,2 | 29 227,9 |
| | Чыккан | 203,7 | 12 735,1 | 217,0 | 13 132,5 |
| RIA | Кирген | 6,7 | 255,4 | 7,7 | 317,0 |
| | Чыккан | 0,1 | 6,2 | 0,3 | 22,0 |
| UPT | Кирген | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 2,6 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,0 | 0,01 | 6,7 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **2 771,1** | **56 184,3** | **3 301,8** | **64 695,7** |
| | **Чыккан** | **234,2** | **14 842,1** | **257,6** | **18 855,2** |

**2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары**

2022-жылдын 1-январына карата абал боюнча 20 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 18 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 20 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2021-жылдын IV чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 30,2 млрд сом жалпы суммасында 42,0 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү банк эсебин толуктоо пайдасына туура келген – 7,4 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 24,35 пайыз), банк эсебин толуктоо пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 2,0 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 4,78 пайызын) түзгөн.

Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына туура келген төлөмдөрдүн көлөмү – 7,2 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 23,84 пайыз), ал эми төлөмдөрдүн саны 29,9 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 71,25 пайызын) түзгөн.

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жолдо жүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 2,0 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 6,59 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 2,8 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,63 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 4,5 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 14,88 пайыз), ал эми электрондук капчыктарды толуктоо саны 2,4 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 5,78 пайызы) түзгөн.

**6-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 29 914 154 | 71,25 | 7 208 808,3 | 23,84 |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 49 562 | 0,12 | 11 497,1 | 0,04 |
| 3 | Интернет | 551 112 | 1,31 | 475 551,2 | 1,57 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 2 611 763 | 6,22 | 1 861 496,1 | 6,16 |
| 5 | Салык жыйымдары | 9 006 | 0,02 | 14 820,2 | 0,05 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр | 52 735 | 0,13 | 38 063,6 | 0,13 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 111 176 | 0,26 | 77 441,8 | 0,26 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 2 006 609 | 4,78 | 7 363 877,3 | 24,35 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 311 346 | 0,74 | 978 913,5 | 3,24 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 1 161 857 | 2,77 | 5 023 503,1 | 16,61 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 2 426 515 | 5,78 | 4 501 264,1 | 14,88 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 70 941 | 0,17 | 147 508,5 | 0,49 |
| 13 | Социалдык тармактар | 5 289 | 0,01 | 1 417,4 | 0,005 |
| 14 | Интернет оюндары | 28 640 | 0,07 | 10 561,3 | 0,03 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 2 282 | 0,005 | 1 589,0 | 0,01 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 417 699 | 3,38 | 184 365,5 | 0,61 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 51 239 | 0,12 | 25 521,9 | 0,08 |
| 18 | Кулактандыруулар | 30 948 | 0,07 | 17 986,4 | 0,06 |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 323 | 0,003 | 189,3 | 0,001 |
| 20 | Билим берүү | 39 136 | 0,09 | 90 431,4 | 0,30 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 5 567 | 0,013 | 21 256,5 | 0,07 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 1 123 264 | 2,68 | 2 185 580,6 | 7,23 |
| **2021-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгында** | | **41 982 163** | **100,0** | **30 241 644,0** | **100,0** |







Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.


Отчеттук мезгилдин IV чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2020-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,14 эсеге көбөйүп, 9 753 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

**2.7. Электрондук акча**

2021-жылдын IV чейрегинин акырына карата 6 (алты) коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча 9 локалдык система иш алып барган, алардын ичинен бир система 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен (электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) гана жүзөгө ашырылган) ишин жүргүзгөн.




Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү менен ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Натыйжада, электрондук капчыктардын жалпы саны 6,8 пайызга көбөйүү менен 4,7 млн капчыкты түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 34,9 пайызга жогорулаган). Алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 1 367,1 миңди (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 28,9 пайызы) түзгөн.




2020-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 34,3 пайызга көбөйүп, 3,9 млрд сомду түзгөн, ал эми акча каражаттарын которуулардын саны 1,2 млн жакын операцияны түзүү менен 13,9 пайызга көбөйгөн;
- электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) операцияларынын көлөмү 3,4 пайызга көбөйүп, 8 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 77,7 пайызга көбөйүп, 2,1 млн жакын операцияны түзгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө операцияларынын көлөмү 2 эсеге көбөйүп, 3,1 млрд сомду түзгөн, ал эми операциялардын саны 9,6 пайызга азайып, 3,5 млн операция чегинде катталган;

- электрондук акча эмиссиясы (чыгаруу) боюнча операциялардын көлөмү 14,4 пайызга көбөйүп, 10,7 млрд сомду түзгөн, ал эми операциялардын саны 49,7 пайызга азайып, 2 млн операцияны түзгөн.

**2.8. Банктык чекене агенттер**

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

2021-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган 94 агент, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 19 агентке же 25,3 пайызга көбөйгөн.
- 1 458 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 803 агентке же 2,2 эсеге көбөйгөн. Бир нече банк региондордо 82 соода-тейлөө ишканасынын кассаларынан нак акчаны алуу долбоорун жүзөгө ашырууда;

**3. Методологиялык иш**

1) Ички төлөмдөр жагынан Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө мыйзамга ылайык келтирүү, ошондой эле жаңы технологиялык мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушун жана жаңы коммерциялык финансылык продукттарды ишке киргизүүнү эске алуу менен ченемдерди жакшыртуу жана актуалдаштыруу максатында санариптештирүүнүн алкагында 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттары жөнүндө» жобого тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилди.

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмдүк кайра курууларына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2021-жылдын 8-декабырында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтом долбоорун жактырды (№ 2021-П-14/68-4-(СПП) токтом). Министрлер жана ведомстволор менен макулдашылгандан кийин токтомдун долбоору Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына кароого жиберилет.

3) Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүүнүн алкагында Улуттук банктын башкармасынын төмөнкү токтомдору бекитилди:

- 2021-жылдын 1-декабрындагы № 2021-П-14/66-1-(ПС) «Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын бухгалтердик эсепке алуу эсептер планына карата талаптар жөнүндө»;
- 2021-жылдын 1-декабрындагы № 2021-П-14/66-2-(ПС) Улуттук банк Башкармасынын «Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын бухгалтердик эсепке алуу эсептер планын бекитүү тууралуу».

4) Төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы иштелип чыгып, коомдук талкуугa сунушталды.

5) Ошондой эле 2021-жылдын 28-сентябрында «Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү иш жөнүндө» жана «Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорлору Кыргыз Республикасынын

Президентинин Администрациясына жөнөтүлдү. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы № 233 жаңы Регламентин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2021-жылдын 26-октябрындагы № 570 Регламентин бекиткендигине байланыштуу мыйзамдар иштелип чыгып, андан ары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүү үчүн 2021-жылдын 17-декабрында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлдү.

*Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору тарабынан корректировка болушу мүмкүндүгүнө байланыштуу өзгөрүшү ыктымал.*